
# Тлотлегонун чай кечеси




Автор: Лаура де Ланж

Сүрөтчү: Николен Лу

Которгон: Назира Сартбаева

# Тлотлегонун чай кечеси

Автор: Лаура де Ланж
Сүрөтчү: Николен Лу
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Тлотлегонун чай кечеси" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Tlotlego’s tea party* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Laura de Lange жана сүрөтчүсү Nikolen Lou. ©Book Dash 17: Virtual, тарабынан 2021-жылы CC-BY-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://bookdash.org/books/tlotlegos-tea-party/

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Тлотлего үй-бүлөсү үчүн чай даярдап жатат.

– Коко, чайга канча адам келет? Сен жана мен, апаң менен атаң, ошондой эле кичинекей карындашың, Тиамо.

Тлотлего ашканадан чыныларды алып келип санады.

– Бир, эки, үч, төрт жана бирөө Коко үчүн!






Тлотлего верандага чыгып, чыныларды дасторконго койду.

– Бир, эки, үч, төрт жана...?

– Мен төрт чыны гана көрүп жатам, – деди Коко. Бирок биз беш адамбыз.

Мен ашканада санаганда беш болчу! – деди Тлотлего.

Тлотлего кооз тарелкаларды буфеттен алып жатып, аларды санады.

– Бир, эки, үч, төрт, беш.

Ар бирибизге жете тургандай тарелка бар экен.







Тлотлего верандага чыгып, тарелкаларды чынынын жанына койду. – Бир, эки, үч, төрт, беш.

– Мен төрт тарелка гана көрүп жатам, – деди Коко, – бирок биз беш адамбыз.

Тлотлего банкадан печеньени санап алды.

– Бир, эки, үч, төрт, беш.






Тлотлего верандага чыгып, печеньени тарелкаларга салды.

– Бир, эки, үч, төрт, беш.

– Мен төрт печенье гана көрүп жатам, – деди Коко, – бирок биз беш адамбыз.

Тлотлего таӊ калды.

Ал туура санаганын билет.

Ал беш печенье санаган, бирок төртөө эле болуп калды.

КАНТИП печенье азайып калды?






Тлотлего чакмак канттарын банкадан алып санады.

– Бир, эки, үч, төрт, беш.


Тлотлего верандага чыгып, кант салынган тарелканы дасторконго койду.


Ал кимдир бирөөнүн күлүп жатканын угуп калды.

– Бир, эки, үч, төрт ...

– Беш! – деп үстөлдүн астынан чыккан үндү укту.

– БЕШ!






Тлотлего эңкейип, үстөлдүн алдын карады.


Ал бир адамга арналган идиштерди көрүп таң калды!

Мына жетпеген чыны, тарелка, печенье жана кант.

Апасы менен атасы жумуштан келгенде, баары дасторконго чай ичүү үчүн отурушту.

Алар: бирөө, экөө, үчөө – үстөлдө чай ичип жатышат. Калган экөө чайды үстөлдүн алдында ичип жатышат.





USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Лаура де Ланж
Сүрөтчү: Николен Лу
Которгон: Назира Сартбаева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли